**«Макулдашылды»**
М.Эгембердиев ат-гы
«Илим» ББК сырттан окуу
мектебинин № 1 Педагогикалык
кенешменин чиминин негизинде
бекитилди

**«Бекитемин»**
М.Эгембердиев ат-гы
«Илим» ББК сырттан окуу
мектебинин директору
**Примбердиев Ф.М.** ________
«__» ______10______ 202 2 ж.

# М.Эгембердиев атындагы «Илим» билим берүү комплексин сыртан окуу мектебинин педагогикалык кеңешмесинин жалпы жобосу

**Мазмуну**

1. Жалпы жобо.
2. Нормативдүү ссылкалар.
3. Педагогикалык кеңештин компетенциясы.
4. Педагогикалык кеңештин түзүүнүн эрежеси жана анын мүчөлөрү.
5. Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алуусу.
6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн укугу жана милдеттери.
7. Педагогикалык кеңештин документтери.
8. Педагогикалык кеңештин жобоосу менен тааныштыруу баракчасы.

**1. Жалпы жобо.**

1.1 . Педагогикалык кенеш М.Эгембердиев атындагы «Илим» билим берүү комплексин сыртан окуу мектебинин педагогикалык кеңештин мамлекеттик кесиптик билим берүү мекемесинин коллегиалдуу органы болуп эсептелет.

1.2. Педагогикалык кенеш мектептин Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барат.

1.3. Педагогикалык кенеш дайыма мектептин ишин алып барган коллегиалдуу орган.

**2. Нормативдуу ссылкалар.**

2.1. Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлугүнө КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтом чечим жана буйруктарына, мектептин уставына жана ушул жобого ылайык иш алып барат.

**3. Педагогикалык кеңештин компетенциясы.**

3.1. Педагогикалык кеңеш окуу процессин өнүктүрүүгө жаны инновацилык билим беруу иш алып барат.

3.2. Педагогикалык кенештин компетенциясына төмөнкү суроолорду чечүү кирет.

• Окуу процессинин методологиялык жактан камсыз болушу жана уюштурулушу;
• Окуу программаларын карап чыгуу жана кабыл алуу;
• Ушул жобого, лицензиянын жана аккредитациянын талаптарына ылайык окуу процессин уюштурулушун жана камсыз болушун карайт;
• Азыркы мыйзамдын негизинде каралган кээ бир категориядагы окуучуларга кошумча женилдик жана материалдык жардамдардын оз убагында берилишин карoo;
• Окуучулардын жетишуусун, жыйынтыктоочу жана аралык аттестациянын жыйынтыктарын , окуучулардын жыйынтыктоочу мониторинг анализдоонун негизинде билимдеринин көрсөтүлүшүн жыйынтыктаган козомолдоону карoo;
• Мектептин жана усулдук бирикмелердин ишмердуулукторун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууну карoo;

3.3. Кичине педагогикалык кенештин компетентүүлүгү.

• Окуу тарбия иштеринин, кундузгу формаларынын жакшыртылышы, теориялык жана практикалык окутуунун байланыштарынын күчөтүлүшү, класс жетекчилердин иштеринин ал-ахвалы жонундогу талкууну карoo;
• Окуучулардын чейрек жана окуу жылы учурунда жетишпей калышынын себептерин, табуу жана корректировкалоочу иш чараларды өткөрүүнү карoo;

• Окуучулардын жетишпегендиги жана окуу дисциплинаеы үчүн тартип бузгандыгы боюнча окуудан чыгаруу жана кээ бир учурларда чыгып калган окуучулады кайра киргизүү боюнча суроолорду кароо;
• өз убагындагы көзөмөлдөөнүн негизинде алдын ала окуучулардын билиминин, кондумдорунун, билгечтиктеринин сапатын чыгаруу;
• Окуу документтерин көзөмөлдөө;

**4. Педагогикалык кеңешти түзүү жана анын мүчөлөрү.**

4.1. Педагогикалык кеңешке директор, анын орун басарлары, андан сырткары педагогикалык кызматкерлер жана башкалар кирет.
4.2 Педагогикалык кеңештин төрагасы болуп мектептин директору эсептелет.
4.3 Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен ачык добуш менен катчы шайланып алынат жана ал коомдук башталышта иштейт.
4.4 Педагогикалык кеңештин торагасы болуп мектептин директору же орун басары эсептелинет.
4.5 Педагогикалык кеңештин кичине мүчөлөрү анын темасына жараша аныкталат.
Сөзсүз мүчөлөрү болуп директордун орун басалары, бөлүм башчылар, циклдык коммисиялардын төрагалары, дене тарбия жана аскер жетекчилери, класс жетекчилер жана башка кызыккан тараптар кирет.
4.6 Педагогикалык кеңештин кичине мүчөлөрүнүн арасьгаан ачык добуш менен катчы шайланып, ал коомдук башталышта иш алып барат.

**5. Педагогикалык кеңештин отуруму жана анын кабыл алынган чечимдери .**

5.1. Педагогикалык кеңеш семестр (чейрек) сайын өзүнүн отурумуна чогулушат (4 семестр – 4 жолу). Педагогикалык кенеште анын 50%тен ашык мүчөлөрү катышса ал отурумду өткөрүүгө укуктуу болуп эсептелинет.
5.2. Педагогикалык кеңеш мектептин дайыма иш алып баруучу коллегиалдуу органы болгондуктан мөөнөтсүз мүчөлүккө акылуу.
5.3. Педагогикалык кеңеш ачык добуш менен чечимдерди кабыл алат жана токтом аркылуу тастыкталат. Педагогикалык кеңештин чечими эгерде ага катышкан копчулук мүчөлөрү добуш берсе кабыл алынды деп эсептелинет.
5.4 Педагогикалык кеңеш төраганын же Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн эки болугунун инициативасынын негизинде чогулушу мүмкүн.
5.5 Педагогикалык кеңештин отурумунда катышуусу мүмкүн;
* Мектептин Педагогикалык кеңешинин мүчөсү болбогон кызматкерлери;
* Мектеп менен граждандык -укуктук келишим менен иш алып барган атуулдар;
* Педагогикалык кеңештин макулдугу менен окуучулар, окуучулардын ата-энелери;
* Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү жана социалдык партнердор;
* Өзунчө чакырылган өкүлдөр.
5.6 Кичине педагогикалык кеңешменин иши ар бир чейректин аякташында өткөрулөт.
5.7 Кичине педагогикалык кеңешменин чечими мектеп боюнча буйрук чыгарууга негиз болот.
5.8 Кичине педагогикалык кенеш башкаруунун дисциплинардык чечим кабыл алууга укуктуу . Чечим жөнөкөй көпчүлүк добуштун негизинде кабыл алынат.
5.9 Бирдей добуш болуп калса төраганын добушу чечүүчү добуш болуп саналат. Кичи педагогикалык кенештин чечими менен мектеп жетекчисинин макулдугу дал келбей калса, жетекчи педагогикалык кеңештин иш аракеттин токтотуп кайра кароо үчүн педагогикалык кеңешке кайтарат. Педагогикалык кеңештин чечими мектептин жетекчисинин буйругу чыккан убактан кийин күчүнө кирет.
5.10 Педагогикалык кеңештин чечими боюнча наразычылыкты КР мыйзамдары аркылуу каралат.

**6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери жана укуктары.**

6.1 Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөлөрү педагогикалык кеңештин каралуучу маселелери боюнча талкууга катышууга укугу бар жана педагогикалык кеңештин талкуусуна өзүн кызыктырган мектептин өнүгүүсүнө тиешеси бар маселелерди сунуштоого.
6.2 Ар бир педагогикалык кеңештин мүчөлөрү баардык отурумуна катышууга, анын ишине активдуу катышууга жана ага жүктөлгөн тапшырмаларды өз убагында так аткарууга милдеттуу.